НДЛАНГАН

«САПАТТУУ БИЛИМ» БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫН ЖАНА ПРОГРАММАЛАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ

АГЕНТСТВО ПО АККРЕДИТАЦИИ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ОРГАНИЗАЦИЙ И ПРОГРАММ «САПАТТУУ БИЛИМ»

AGENCY FOR ACCREDITATION OF EDUCATIONAL ORGANIZATIONS AND PROGRAMS «SAPATTUU BILIM»

**БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ДАЯРДОО БАГЫТЫНДА ӨТКӨРҮЛГӨН**

**КӨЗ КАРАНДЫ ЭМЕС АККРЕДИТАЦИЯНЫН НАТЫЙЖАЛАРЫ БОЮНЧА**

# ЭКСПЕРТТИК КОМИССИЯНЫН

# КОРУТУНДУСУ

## “Н. МУСАЕВ АТЫНДАГЫ №8 КЕСИПТИК ЛИЦЕЙИ” МЕКЕМЕСИ

**АДИСТИГИ: ЭЛЕКТР ЖАНА ГАЗ МЕНЕН ШИРЕТҮҮЧҮ**

ЩИФР: 7212

**МАЙ - 2025**

МАЗМУНУ

**I.** БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕСИ ТУУРАЛУУ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ......3-БЕТ

**II.** ПРОГРАММАЛЫК ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛЛОО БОЮНЧА ОТЧЕТТУН АНАЛИЗИ_..........................................................................................10-БЕТ

**III.** ТЫШКЫ ЭКСПЕРТТИК ТОБТУН ИШ САПАРЫН баяндоо.............12-БЕТ

**IV.** СТАНДАРТТАР БОЮНЧА ДАЛ КЕЛҮҮСҮ…………………………15-БЕТ

Стандарт 1. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана мониторинг жүргүзүү
Стандарт 2. Окутуунун натыйжаларын кабыл алуу жана таануу
Стандарт 3. Инсанга багытталган окутуу жана билим алуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин баалоо
Стандарт 4. Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал
Стандарт 5. Материалдык жана маалымат ресурстар

**V.** БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕСИНИН ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫНЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН ӨРКҮНДӨТҮҮ БОЮНЧА СНУШТАР………………………......................................20-БЕТ

**VI.** КОРУТУНДУ...………………………….....................................20-БЕТ

**КИРИШҮҮ БӨЛҮМҮ**

# I. БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМУ ТУУРАЛУУ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

"Н.Мусаев атындагы №8 Кесиптик лицейи" Мекемеси билим берүү уюмунун администрациясынын билдирүүсүнө ылайык, Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-августундагы «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 15-майындагы № 246 токтомуна («Билим берүү тармагындагы аккредитация боюнча нормативдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө») ылайык, Сапаттуу Билим агенттигинин эксперттик комиссиясы **№ 98-05/25** буйругунун негизинде, **21-22-май 2025ж.**, программалык аккредитация алкагында төмөнкү билим берүү уюмунун тышкы баалоосун жүргүздү:

| | |
|---|---|
| Багыт окутуу/адистик | Электр жана газ менен ширетүүчү |
| Окутуу профили/адистиги | Башталгыч кесиптик билим берүү |
| Шифр Квалификациясы | 7212 Электр жана газ менен ширетүүчү |
| Окуу формасы | күндүзгү |
| Нормативдик окуу мөөнөтү | 2 жыл |
| Эмгек жыштыгы (Трудоемкость) | 3000 саат |
| Билим берүү ишин жүргүзүү укугуна лицензия жөнүндө маалымат | **ЛИЦЕНЗИЯ № LS240001011** Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2024-жылдын 21-февралындагы №264/1 буйругу (Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин Лицензиялоо боюнча Кеңешинин чечими, 2024-жыл 16-февралындагы №3-9-протоколу.) |
| Байланыш маалыматтары (дареги, веб-сайты, электрондук почтасы, телефону) | Эл почта: karavanpl18@mail.ru, Веб сайт: http://pl8.kbb.kg. |

*Эксперттик топтун курамы жөнүндө маалымат (Сапаттуу Билим агенттигинин 2025-жылдын _03.05.2025ж., № 98-04/25 буйругу)*

**Эксперттик топтун төрагасы:**

| № | *Аталышы* | *Баяндоо* |
|---|---|---|
| 1 | Толук аты (толугу менен) | Урматов Канат Урматович |
| 2 | Экспертиза учурундагы кызматы жана иштеген жери | № 17 Кесиптик лицейи. Окутуучу. |
| 3 | Билими жана алган адистиги жөнүндө маалыматтар (категория, илимий же илимий даража же наам (бар болсо) | Ж.Баласагын атындагы КУУ, Тарых чөлкөм таануу факультети, Тарыхчы 2010ж. |
| 4 | Көз карандысыз эксперт катары тажрыйбасы: бар / жок | бар |
| 5 | Эксперттин колу | |

1. **эксперттик топтун мүчөсү:**

| № | *Аталышы* | *Баяндоо* |
|---|---|---|
| 1 | Толук аты (толугу менен) | Каримова Шайыргүл Баймурзаева |
| 2 | Экспертиза учурундагы кызматы жана иштеген жери | № 58 Кесиптик лицейи. Директор |
| 3 | Билими жана алган адистиги жөнүндө маалыматтар (категория, илимий же илимий даража же наам (бар болсо) | ОшМУ Тарых факультети, Тарыхчы 2000ж. |
| 4 | Көз карандысыз эксперт катары тажрыйбасы: бар / жок | Жок |
| 5 | Эксперттин колу | |

2. **эксперттик топтун мүчөсү:**

| № | *Аталышы* | *Баяндоо* |
|---|---|---|
| 1 | Толук аты (толугу менен) | Гапаров Жанышбек Абуламитович |
| 2 | Экспертиза учурундагы кызматы жана иштеген жери | Кызыл-Кыя шаардык эмгек социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгы, жетектөөчү адис |
| 3 | Билими жана алган адистиги жөнүндө маалыматтар (категория, илимий же илимий даража же наам (бар болсо) | БатМУнун Кызыл-Кыя технология, экономика жана укук институту, Экономикалык факультети, менеджер кесиби |
| 4 | Көз карандысыз эксперт катары тажрыйбасы: бар / жок | жок |
| 5 | Эксперттин колу | |

3. **эксперттик топтун мүчөсү:**

| № | *Аталышы* | *Баяндоо* |
|---|---|---|
| 1 | Толук аты (толугу менен) | 1. Турдалиев Медерали Жакшыбаевич, |
| 2 | Экспертиза учурундагы кызматы жана иштеген жери | № 70 Кесиптик лицейинин ондүрүштүк окутуунун устаты. |
| 3 | Билими жана алган адистиги жөнүндө маалыматтар (категория, илимий же илимий даража же наам (бар болсо) | БатМУнун Кызыл-Кыя технология, экономика жана укук институту, Педагогика факультети, менеджер кесиби |
| 4 | Көз карандысыз эксперт катары тажрыйбасы: бар / жок | жок |
| 5 | Эксперттин колу | |

4. **эксперттик топтун мүчөсү:**

| № | *Аталышы* | *Баяндоо* |
|---|---|---|

| | | |
|---|---|---|
| **1** | Толук аты (толугу менен) | Мамасабыров Чынгыз Женишбекович |
| **2** | Экспертиза учурундагы кызматы жана иштеген жери | № 70 Кесиптик лицейдин окуучусу |
| **3** | Билими жана алган адистиги жөнүндө маалыматтар (категория, илимий же илимий даража же наам (бар болсо) | Окуучу |
| **4** | Көз карандысыз эксперт катары тажрыйбасы: бар / жок | жок |
| **5** | Эксперттин колу | |

5. **референт**

| № | *Аталышы* | *Баяндоо* |
|---|---|---|
| 1 | Толук аты (толугу менен) | Стамбаева Миргүл Шамыркановна |
| 2 | Экспертиза учурундагы кызматы жана иштеген жери | Бишкек инновациялык колледжи. Окутуучу |
| 3 | Билими жана алган адистиги жөнүндө маалыматтар (категория, илимий же илимий даража же наам (бар болсо) | В.В.Маяковский атындагы кыз-келиндер педагогикалык институту, математика , информатика жана эсептөө техникасы мугалими, 1991 ж. |
| 4 | Көз карандысыз эксперт катары тажрыйбасы: бар / жок | Бар |
| 5 | Эксперттин колу | |

## Кесиптик лицей жөнүндө жалпы маалымат

| | | |
|---|---|---|
| 1 | Билим берүү мекеменин толук аты-жөнү: | Н.Мусаев атындагы №8 Кесиптик лицейи мекемеси. |
| 2 | Кыскартылышы: | Н.Мусаев атындагы №8 КЛ |
| 3 | Түзүлгөн жылы: | 1958 жыл |
| 4 | Юридикалык дареги: | Баткен облусу, Кызыл-Кыя шаары, Караван айылы, Кыпчаков көчөсү 29. |
| 5 | Юридикалык жактын уюштуруу –укуктук формасы: | Мекеме |
| 6 | Каттоо номери | 94815-3309-У-е |
| 7 | ОКПОНУН коду | 02563871 |
| 8 | Байланыш телефону: | 0500 144 600 |
| 9 | Электрондук дарек: | karavanpl18@mail.ru, |
| 10 | Сайт: | http://pl8.kbb.kg. |
| 11 | Түзүүчү: | Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигине караштуу башталгыч кесиптик билим берүү башкармалыгы. |
| 12 | Устав: | КРнын юстиция министрлиги башкармалыгы тарабынан 16.08.2024-ж. |
| 13 | ИНН: | 00307199510011 |
| 14 | Алгачкы катталган күнү: | 26.04.2002-ж. |
| 15 | Кайра катталган күнү: | 26.07.2024-ж. |
| 16 | Билим берүү ишине лицензиялардын болушу: | №2024-0104 |
| 17 | Лицензия берилген күнү: | 20.02.2024 |
| 18 | Жетекчиси | Кыпчаков Бакытбек Женишбекович |

2024-2025- окуу жылында

| | | |
|---|---|---|
| 1 | Кесип боюнча окуучуларынын саны | 13 |

## Лицейдин тарыхый маалыматы.

Н. Мусаев атындагы №8 кесиптик лицей 1958- жылы ноябрь айында Караван айылында механизатор даярдоочу курс болуп ачылган. 1995-жылдын 21-июлунда кесиптик лицейге СССРдин эл мугалими Нажимидин Мусаевдин ысымы ыйгарылган. Советтик доордогу өнүгүүсүндө бир гана Кыргыз ССРинде эмес жалпы Советтер Союзундагы кубаттуу кесиптик-техникалык окуу жайлардын катарында турган. Эгемендүүлүк жылдарында рынок экономикасынын талаптарына ылайыкташып кесиптертердеги кадрларды даярдоого өтүшкөн.

Азыркы учурда окуу жай Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине караштуу Башталгыч кесиптик билим берүү башкармалыгына карайт.

**Окуу жай аккредитацияланып жаткан программадан тышкары төмөнкү кесиптерге адистиктерди даярдайт:**
**3 жылдык, 2 жылдык жана 10 айлык окуу мөөнөт менен:**

| Кесиби | Окуу мөөнөтү |
|---|---|
| Мелиорация боюнча устат, «С» категориясындагы айдоочу | 3 жыл |
| Айыл чарба өндүрүшүнүн устаты, фермер, жаныбарларды кароо боюнча ветеринар-оператор, «С» категориясындагы айдоочу | 3 жыл |
| Тикмечи | 2 жыл |
| Тикмечи | 10 ай |
| Автомобиль оңдоочу слесарь (3 разряддагы автослесарь), «С» категориясындагы автоунаа айдоочу | 10 ай |
| Электргаз ширетүүчү «С1» категориясындагы транспорт каражаттарынын айдоочусу | 10 ай |
| Ашпозчу, кондитер | 10 ай |

**Кыска мөөнөттүү кесиптерге төмөнкү адистиктерди даярдайт:**

| Кесиби | Окуу мөөнөтү |
|---|---|
| Ширетүүчү | 3 ай |
| Тикмечи | 2 ай |
| Ашпозчу | 2 ай |

Уюштуруучулар жана башкаруу. Лицензиялоо жөнүндө маалымат.
Уюштуруучулук укуктук формасы: Мекеме
Менчигинин түрү : Мамлекеттик
Кесиптик лицейдин директору: Кыпчаков Бакытбек Жеңишбекович: 996 770 582 639
Аккредитация үчүн жоопкер тарап: Кыпчаков Бакытбек Жеңишбекович: 996 770 582 639
e-mail: karavanpl18@mail.ru,

Сертификаттар тууралуу маалымат.

“Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине караштуу Кесиптик башталгыч билим берүү агенттигинин Н.Мусаев атындагы №8-кесиптик лицейи” мекемеси Аккредитацияланып жаткан программа боюнча биринчи жолу аккредитацияланып жатат.

**КЛдин миссиясы жана стратегиялык планы.**

**Н. Мусаев атындагы №8 КЛ миссиясы:**

«Лицей азыркы өзгөрүлмөлүү замандын талабына ылайык келген билимдүү, адептүү кесиптик-шыкка ээ болгон, атаандаштыкка жөндөмдүү баштапкы деңгээлдеги кесипкөй адистерди даярдайт»

**Н. Мусаев атындагы №8 КЛ максаты:**

Окуу жай 2028 - жылга кыска мооноттуу окутууга отуп, Кыргызстандын жергиликтуу, эл аралык эмгек базарынын муктаждыгына ылайык 500-700 квалификациялуу адистерди даярдайт..

**Н. Мусаев атындагы №8 КЛ кызмат көрсөтүүсү:**

№8-кесиптик лицей – кесиптик билим берүү мекемеси, агроиндустриалдык комплекс чөйрөсүндөгү, өндүрүш чөйрөсүндөгү жумушчуларды окутуу үчүн башталгыч кесиптик билим берүү системасынын бир бөлүгү, эл аралык жана улуттук сапат стандарттарына жооп берген инновациялык билим берүү кызматтарын көрсөтүү.

**Н. Мусаев атындагы №8 КЛ 2029-жылга стратегиянын негизги кыска мөөнөттүү максаты:**

- Ветеринария, ашпозчу, автоэлектрик, агрономия, сантехник, парихмахер, IT технология, автокран, экскаватор, электромонтер-шофер кесиптери боюнча лабораторияларды уюштуруу.
- АЧД сабактарына керектуу каражаттар (тир, полоса пр.,) уюштуруу.
- Лидейдин автодрому калыбына келтируу.

• Лицейди жаны музыкалык аппаратура менен камсыздоо.
• Педагогикалык жамааттын билимин оркундотуу боюнча туруктуу окуу, тренингдер, семинарларды уюштуруу.
• Окуучулар жаны окуу куралдар менен, мугалимдер инновациялык усулдук колдонмолор менен камсыздоо.
• Окуу чарбасында өстүрүлгөн эгиндердин рентабелдуулугун жогорулатуунун жолдору иштелет жана аткаруу.

**Н. Мусаев атындагы №8 КЛ 2029-жылга стратегиянын негизги узак мөөнөттүү максаты:**

•Окуу жана административдик корпустары жылуулулук менен камсыздалоо.
• Эмгек базары муктаж болгон кесиптер изилденет жана аныктоо.
• Кыска мооноттогу акы толоп окутуу курстары уюштуруу. КР жана жергиликтуу эмгек базарынын муктаждыгына ылайык адистер даярдоо.
• Окуу корпусунун III кабатынын жылытуу системасы иретке келтирилет жана III кабаттын коридорлорун окуу материалдары менен жасалгалоо.
• Ашпозчу кесибинин окуу материалдык базасын чыңдоо.
• Спорт залдар, спорт аянчалар калыбына келтирүү.
• Окуу жайдын айланасы жашылдандыруу.
• Окуу жайдын музейи толуктоо.

**Окуучулардын саны жөнүндө маалымат**

| **Курсу** | **Электр жана газ менен ширетүүчү** |
|---|---|
| **1-курс** | **0** |
| **2-курс** | **13** |
| **Жалпы** | **13** |

**Окутуучулук-инженердик курам**

| Штаттык мугалимдер | Устаттар | Негизги кызматын айкалыштырып иштеген мугалимдер | Педагогикалык курамдын жалпы саны |
|---|---|---|---|
| 12 | 1 | 1 | 14 |

## 2. ОКУУ ПРОГРАММАСЫНЫН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**“Электр жана газ менен ширетүү” адистиги боюнча, мамлекеттик билим берүү стандартына жана РИМБ тарабынан берилген типтүү окуу планынын негизинде окутуунун жумалык жүктөмдөрү аныкталган.** Окуу-өндүрүштүк жүктөмдөр 1- курстарда 38-39 академиялык сааттан жана 2 жарым жылдыкта 39-40 сааттан жана 2-курста 39-42 академиялык сааттан каралган.

Электр жана газ менен ширетүүчү” 2 жылдык - жалпы сааттар – 3000 саат
Жалпы билим берүү дисциплиналары – 1768 саат
Кесиптик цикл – 388 саат
Өндүрүштүк окуу – 412 саат
Өндүрүштүк практика - 432 саат
Жумалык жүктөм – 36-39

. Сабак жадыбалында ушул талап аткарылат. «Электр жана газ менен ширетүүчү» кесибин даярдоо процессинде тайпада 1 устат, тайпа жетекчиси жана 12 мугалим эмгектенүүдө. Мугалимдер жана өндүрүштүк окуунун устаттарынын билимин жогорулатуу боюнча иш-пландары түзүлгөн жана үзгүлтүксүз аткарылууда. 2020-2024 окуу жылдарында Республикалык илимий-методикалык борбордон бир катар кызматкерлер онлайн жана офлайн түрүндө өз билимдерин жогорулатып келишүүдө. «электр жана газ менен ширетүү» кесиби боюнча 5 теориялык окуу канасы, интерактивдүү доска, окуу программасына ылайыктуу макеттер, окуу китептери, ширетүү жана слесардык лабороториялык каналары жабдылган.

**Кесип боюнча окуу китептери**

| № | Китептердин классификациясы | Саны |
|---|---|---|
| 1 | Китептердин жалпы фонду | 10 906 |
| 2 | Кесиптик окуу китептер | 197 |
| 3 | Жалпы билим берүү китептери | 685 |
| 4 | Жалпы кесиптик циклдин китептери | 123 |
| 5 | Көркөм адабияттар | 774 |
| 6 | Усулдук колдонмолор | 46 |
| | Электрондук китептер | 0 |

**«Электр жана газ менен ширетүүчү» адистиги боюнча окууну бүткөн окуучуларга окуу жай тарабынын төмөндөгү документтер берилет:**

**Жалпы орто билим жөнүндө аттестат;**

**2-3 разряддагы электр жана газ менен ширетүүчү квалификациясындагы диплом.**

## II. ПРОГРАММАЛЫК ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛЛОО БОЮНЧА ОТЧЕТТУН АНАЛИЗИ

Минималдуу талаптардын аткарылышын талдоо жана далилдөө

**Стандарт 1. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана мониторинг жүргүзүү.**

| Эксперттин эскертүүлөрү | Ишке ашырылышы |
|---|---|
| | |
| 1. Стратегиялык жана учурдагы пландар боюнча так маалыматтарды киргизгиле. | Аткарылган жок |
| 2. Дисциплиналар боюнча тематикалык пландарды тиркегиле жана ал пландардарда негиз кылынган программаны же окуу куралын көрсөткүлө | Жарым жартылай аткарылды |
| 3. Дуалдык окутуу боюнча түзүлгөн келишимдерге шилтеме бергиле. | Аткарылган жок |
| 4. Билим алуучулардын жана иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, муктаждыктарын жана канааттануусун мезгил-мезгили менен баалоону жүргүзүүнүн жол-жобосу көрсөтүп, анын мониторингине жана анкетасына шилтеме бергиле. | Аткарылган жок |
| 5. Окутуучулардын инновациялык сабак өтүүсү жана бул багытта квалификациясын жогорулаткандар тууралуу маалыматты кошкула | Аткарылды |
| 6. Билим алуучулардын ар кандай топторунун муктаждыктарын аныктоо менен кошумча кандай билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүн уюштургандыгын көрсөткүлө. | Аткарылган жок |

**Стандарт 2. Окутуунун натыйжаларын кабыл алуу жана таануу**

| Эксперттин эскертүүлөрү | Ишке ашырылышы |
|---|---|
| 1. Электрондук кабыл алуу, кабыл алуунун жобосу, апеляциялык комиссиянын жобосу тууралуу маалыматтарды кошуу | Жарым жартылай аткарылды |
| 2. Социалдык аспектилер боюнча окуучуларга түзүлгөн кошумча шарттар тууралуу маалыматтарды киргизгиле | Жарым жартылай аткарылды |
| 3. Окууну аяктаганда берилүүчү квалификацияны так көрсөтүңүздөр | Жарым жартылай аткарылды |
| 4. Академиялык мобилдүүлүк боюнча аткарылып жаткан иштер боюнча маалыматтарды бергиле | Аткарылды |
| 5. Социалдык түйүндөрдөгү кесипке багыттоонун иштерин кошкула | Жарым жартылай аткарылды |

**Стандарт 3. Инсанга багытталган окутуу жана билим алуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин баалоо**

| Эксперттин эскертүүлөрү | Ишке ашырылышы |
|---|---|
| 1. Окуучулар менен кайтарым байланыштын жол-жобосун көргөзгүлө. | Жарым жартылай аткарылды |
| 2. Баалоонун критерийлеринин ачык-айкындуулугун далилдөөчү маалыматтарды кошкула | Жарым жартылай аткарылды |
| 3. Окуудагы жетишкендиктерди бекемдөө жана окууну таштап кетүүнүн алдын алуу боюнча аткарылган иштерди кошкула | Жарым жартылай аткарылды |
| 4. Билим берүү кызматын көрсөтүүдөгү башка варианттарды пайдалануу тууралуу маалымат киргизгиле. | Жарым-жартылай аткарылды |
| 5. ББП окуу жүктөмүнө, бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусуна мониториндерди тиркегиле. | Аткарылган жок |

**Стандарт 4. Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал**

| Эксперттин эскертүүлөрү | Ишке ашырылышы |
|---|---|
| 1. Аккредитацияланып жаткан программа боюнча педагогикалык жана окуу-көмөкчү персоналдын курамы, квалификациясына шилтеме бергиле | Жарым жартылай аткарылды |
| 2. Квалификациясын жогорулаткан мугалимдердин так маалыматын киргизгиле. | Аткарылды |
| 3. Педагогдор методикалык иштелмелерди, методикалык көрсөтмөлөрдү, окуу куралдарын иштеп чыгуу жаатында иштерин көрсөткүлө | Жарым жартылай аткарылды |
| 4. Ишмердүүлүктү стимулдаштыруу тууралуу маалыматтарды жана далилдерди кошкула. | Жарым жартылай аткарылды |

**Стандарт 5. Материалдык жана маалымат ресурстар**

| Эксперттин эскертүүлөрү | Ишке ашырылышы |
|---|---|
| 1. Материалдык жана маалыматтык ресурстар боюнча берилген маалыматтарга тастыктоочу материалдарды тиркегиле. | Жарым жартылай аткарылды |
| 2. Коопсуздук техникасын камсыздоо боюнча конкреттүү материалдарды жана шилтемелерди бергиле | Аткарылган жок |
| 3. Жаңыланган окуу куралдары тууралуу маалыматты киргизгиле. Электрондук китепкананын шилтемесин көрсөткүлө. | Аткарылган жок |
| 4. Маалыматтык системаларды башкаруу тутуму тууралуу маалыматты тактап кошуңуз | Аткарылды |
| 5. Маалыматтарды шаилтемелер аркылуу тастыктоо керек | Аткарылган жок |
| 6. Сайттын шилтемесин так көрсөтүңүз | Аткарылды |

## III. ТЭКнын ИШ САПАРЫН БАЯНДОО

ББ мекемесине тышкы визит бекитилген тышкы визит программасына ылайык өз мөөнөтүндө жүргүзүлдү. Визуалдык текшерүүнүн жүрүшүндө материалдык-техникалык базанын көп түрдүүлүгү жана көптөгөн жабдыктар бар экени аныкталды. Материалдык-техникалык базаны визуалдык кароо жыйынтыгында заманбап техникалык жабдуулар бар экендиги белгилүү болду. Бирок, айрым техникалык жабдуулар жана кабинеттер эскиргендиктен, бул жерде кайра кароо талап кылынат. Окуучуларга үйрөнүү үчүн ачык мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн, бирок интерактивдүү платформалар жана онлайн курстар сунушталган эмес. Окуучулардын укуктарын камсыз кылуу үчүн түзүлгөн жардамчы кызматтар жана кошумча ресурстар бар. Ошол эле учурда, бул мүмкүнчүлүктөрдүн айрымдары мыйзамдуу талаптарга жооп бербейт. Окуучуларга укуктары жана мүмкүнчүлүктөрү тууралуу маалымат жеткиликтүү жана түшүнүктүү түрдө берилген эмес. Эксперттер 8-Лицейдин практикалык иши менен таанышып, билим берүү процесстерин түздөн-түз байкаган. Ишке ашырылып жаткан инновацияларды жана билим берүү стандарттарына жооп берүүчү иштерди тастыктай турган маалыматтар сунушталды. Ошону менен бирге, бир катар мүмкүнчүлүктөрдү ишке ашырууда жетишсиздиктер бар экени белгиленди. Тышкы эксперттер окуучулар жыйынтыктарынын баалоо критерийлери менен таанышып, алар тиешелүү стандарттарга жарым жартылай туура келээрин белгилешти. Бирок, маалымат берүүнүн сапаты боюнча кемчиликтер бар экендиги айкын болду. Эксперттер иштин жана иш жүзүндө жүргүзүлүп жаткан программалардын ишенимдүүлүгүнө толук канааттанышкан жок.

Окуучулар үчүн баалоо критерийлери жана процедуралары тууралуу толук маалымат берилген эмес. Көрсөтүлгөн документтерге ылайык, алар жалпы документтердин кеминде **80%** түзөт. Окуу жыйынтыктарынын баалоо критерийлери жана процедуралары, экзамендер, зачеттор жана башка баалоо түрлөрү тууралуу студенттер үчүн маалымат **өтө аз** берилген. Көрсөтүлгөн **билим берүү документтери** маалыматты тастыктайт. Киргизилген өзгөртүүлөрдүн натыйжалуулугу боюнча анализ берилген. Билим берүү уюмунун расмий сайты **актуалдуу жана маалыматтын жыйнагы катары иштебейт**. Анын көп **бөлүктөрү жаңылануусуз калган**. Билим берүү программаларынын мониторинги, баалоосу жана актуалдаштырылуусу **жүзөгө ашырылат**.

Билим берүү программаларындагы бардык өзгөрүүлөр кызыкдар тараптардын сунуштары **менен ишке ашырылат**.

**Жалпысынан 5** интервью өткөрүлдү. Максаттуу топтор менен жолугушуулар визит программасына ылайык белгиленген убакыттарда жүргүзүлдү. **8-Лицей** жамааты тарабынан визит программасында көрсөтүлгөндөрдүн **30%** катышуусу камсыздалды. Интервьюга катышкандардын саны **37** адам болду, алардын ичинен 18 окуучу, 11 педагог, жана 4 администрация өкүлдөрү, 5 ата-эне, 3 иш берүүчү.

**Окутуучулар менен маектешүүдө төмөнкүлөр айтылды:** - жумуш орундарынын шарттарынын түзүлгөндүгү. (окуу аудиториялары жана практикалык сабактар жана окуу практикасын өткөрүү үчүн жайлар)

- Окуучулардын жакшы катышуусунун орто деңгээлде экендиги; -

Лицейдин жетекчилиги тарабынан материалдык базаны жаңыртуу боюнча колдоо көрсөтүлдү. Бирок так кайсыл экендигин тактап бере алышкан жок.

Окутуучулар менен маектешүүнүн жыйынтыгы боюнча төмөнкү тыянактарды чыгарууга болот:

- сабактарга өз ара баруу практикасы жүргүзүлбөйт,
- Окутуучулардын иштөө стажы ар түрдүү болуп саналат.
- окутуучулардын мотивациялык колдоону сезбей жатышкандыктарын;
- мугалимдердин академиялык мобилдүүлүгү жок.
- жалпы билим берүүчү орто мектептер менен салыштырмалуу мугалимдердин эмгек

акысынын жогорулугу.
**Билим алуучулар менен маектешүү** окуучулардын билим берүү программаларынын сапатына канааттануусун көрсөттү. Алар окутуучулардын кесиптик компетенттүүлүгүн, Лицейдин түзүлгөн шарттардын алардын муктаждыктарына жооп берерин, окуучулар практиканы өтүүдө өзгөчө кыйынчылыктарга туш болбоорун белгиледи.
**Ата-энелери менен маектешүү** окуу жайдагы окуу жана окутуучулар менен байланыш маселелерине байланыштуу болгон. Маектешүү учурунда алар Лицейди тандаганда мурдагы бүтүрүүчүлөрүнүн, тааныштарынын, туугандарынын кеңештерине багытталганы аныкталган. Ошол эле учурда окутуучулардын алмашып туруусу окуу процессине туура эмес таасир тийгизип турганын белгилешкен. Интервью офлайн режиминде өтүп, 5 гана ата-эне катышты.
**Иш берүүчүлөр менен маектешүү** кадрларды даярдоодо жакшы даярдыктагылар менен эле катар программаны өздөштүрө албагандар да бар экендигин, окуу программасы рынок талабына ылайык даярдалаарын бирок жергиликтүү иш берүүчүлөр 20-30 % гана иш менен камсыз кылуу мүмкүнчүлүгүн белгилешти
Билим берүү уюмунун жетекчилиги менен болгон жолугушууда **кошума көз караштар жана сунуштар берилди**.

Окуучулар менен болгон интервью **жогорку деңгээлдеги окутуу программалары жана ресурстар** көрсөттү. Бирок, **кээ бир Окуучулар жаңы технологияларды пайдалануудан кыйналып жатканын** белгилешти.

**№8-Лицейдин өзүнүн практика базасы** жана анын кызматташуулары;

- **Партнер мекемелерде** (мисалы, м,ишканалар) уюштурулган практика шарттары;
- **Иш берүүчүлөр жана окуу жайлардын** өнөктөштөрү менен түзүлгөн келишимдер.

**Практика базаларын барганда төмөнкүлөр белгиленди:**

- Практика базаларынын техникалык жана материалдык базасы жакшы уюштурулган;
- Окуучулар үчүн жетекчилик жана жардам берүү системасы канааттандырарлык деңгээлде;
- Бирок, айрым базаларда **практика** ишин жакшыртуу үчүн кошумча иштөө талап кылынат.

**Аккредитация процедурасына ылайык окутуучулар жана студенттер арасында сурамжылоо жүргүзүлдү.**

- Анонимдүү сурамжылоого катышкан окутуучулардын саны — **11 адам**.
- Эмгек шарттарына канааттануу деңгээли боюнча анализ төмөнкүлөрдү көрсөттү:
    - Окутуучулардын көпчүлүгү **эмгек шарттарынын жакшы деңгээлин** белгилешти.

**Атайын бааланган критерийлер боюнча:**

- Окутуучулардын өзгөчө көңүл бурушу керек болгон аспекттер:
    - **Профессионалдык өсүү мүмкүнчүлүктөрү**;
    - **Жумуш ордуна берилген ресурстардын жетиштүүлүгү**.

**Анонимдүү сурамжылоого катышкан студенттердин саны — 18 студент.**
**Анализ жыйынтыгы төмөнкүдөй:**

- Окуучулардын көпчүлүгү билим берүү процессине жана практикалык тажрыйбага канааттануу көрсөткөн.

**Атайын бааланган критерийлер боюнча:**

- Окуучулардын окуу шарттары боюнча жакшы баа берилген.
- Окуу процессиндеги **практиканы актуалдуулугун** өркүндөтүү талап кылынат.

**Ошентип, жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыгы көрсөткөндөй:**

- **Жалпы канааттануу деңгээли 70%** түзөт;
- Техникалык жабдуулар жана ресурстар боюнча **салыштырмалуу жакшы абал** белгиленди, бирок цехтердин жана класстардын жаңылангандыгы дагы маанилүү маселелердин бири болуп саналат.

**SWOT АНАЛИЗ БЕРҮҮ**

| **S (Strength) – Күчтүү жактар (ички позитивдүү факторлор)** | **W (Weakness) – Алсыз жактар (ички негативдүү факторлор)** |
|---|---|
| - Окуу жай рынок талабына жараша кесиптер боюнча кадрларды даярдап келет.<br>- Кадрлар менен камсыз болуудагы сандык-сапаттык жетишкендик. | - Заманбап технологиялардын жетишсиздиги жана инновацияларды киргизүүдө кыйынчылыктар бар, айрыкча алыскы райондордун өзгөчөлүктөрү себептүү.<br>- Билим берүү программаларын, иш берүүчүлөр менен кызматташуу шарттарын жетиштүү деңгээлде кеңейтүү жана тереңдетүү үчүн көбүрөөк ресурстар талап кылынат.<br>- Окуу жайынын имараты, МТБнын сакталышышындагы кемчиликтер окуу процессин жеткиликтүү уюштурууга кыйынчылык жаратат.<br>- Сайт жана социалдык тармактар аркылуу билим берүү максаттары жана окутуунун натыйжалары жөнүндө маалыматтарды жеткиликтүү эместиги |
| **O (Opportunities) – Мүмкүнчүлүктөр (сырткы чөйрөнүн факторлору, аларды пайдалануу уюм үчүн артыкчылык жаратат)** | **T (Threats) – Коркунучтар (уюмдун абалын начарлатышы мүмкүн болгон факторлор)** |
| - Шаардагы экономикалык жаңы мүмкүнчүлүктөрдүн пайда болуусу.<br>- Кесиптерге болгон суроо-талап пайда болууда | - Алыскы тоолуу аймак;<br>-Шаардагы башка окуу жайлар менен атаандаштыктагы алсыздык<br>-МТБ эскириши |

## IV. АККРЕДИТАЦИЯ СТАНДАРТТАРЫНА ДАЛ КЕЛҮҮСҮ

**Стандарт 1. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана мониторинг жүргүзүү.**
**Стандарттын күчтүү жактары:**
-Билим берүү программасынын мазмуну билим берүү уюмунун миссиясына, билим берүүнүн максаттарына, мамлекеттик билим берүү стандарттарына, окуучулардын жана кызыктар тараптардын керектөөлөрүнө ылайыкталып түзүлгөн.

**Стандарттын алсыз жактары:**
- Ички сапатты камсыздоо системасы боюнча иштерди күчөтүүгө муктаж.
-Инновациялык окуу-методикалык ресурстардын жетишсиздиги.
- Билим берүү программасына, анын мазмунуна, кызыкдар тараптардын канааттануусуна туруктуу мониторинг, анализ жок.
-Учурдагы пландардын толук эместиги жана стратегиялык планды ишке ашыруудагы алсыздыгы.

**Анализ жүргүзүү:**
-Билим берүү уюмунун 2024-2029-жылдарга карата түзүлгөн жана бекитилген стратегиялык планы миссиясынын мазмунуна негизделген жана рынок талаптарына негизделген, бирок учурдагы пландардын толук эместиги анын этаптык бөлүмдөрүн аткарууга тоскоолдук жаратат.
-Окуу программалары мамлекеттик стандартты сактоо менен бекитилген бирок кызыкдар тараптардын пикирин эске алуу каралган эмес.
-Билим алуучулардын окуу программасына жана аны мазмунуна карата канааттануусу боюнча мезгилдүү мониторингдер дайыма эле алына бербейт, ага анализдер жасалып, тиешелүү чечимдердин кабыл алынгандыгына далилдер жок..
-Окутуучулук курамдын 40% инновациялык сабактарды өтүшөт, бул багытта билимдерин жогорулаткандыгы тууралуу баардыгы эле сертификаттарга ээ эмес. Бирок бир эле учурда бир канча сабактарда инновациялык сабактарды өтүүгө керектүү техникалык каражаттардын жетишпестиги байкалат.
-Дуалдык окутуу, кредиттик-модулдук процессин ишке ашырууга кадамдар кечеңдетилген.

**Эскертүү:**
Учурдагы пландарды толук иштеп чыгуу жана анын мазмунун түзүүдө стратегиялык пландын этаптык бөлүмдөрүнө дал келтирүү керек.

**Сунуш:**
-Ички сапатты камсыздоо системасын күчөтүү максатында ички локалдык актыларды иштеп чыгуу жана аларды ишке киргизүү.
-Демөөрүлөрдү тартуу, проектилерге катышуу, же атайын эсептик каражаттардын эсебинен Инновациялык окуу-методикалык ресурстарды чыңдоо.
- Билим берүү программасына, анын мазмунуна, кызыкдар тараптардын канааттануусуна туруктуу мониторинг жүргүзүү, анализ жасоо жана ишке ашырылып жаткан процесстерде анын жыйынтыктарын эске алуу.
-Дуалдык окутуу, кредиттик-модулдук процессин ишке ашырууну тездетүү.

**Жыйынтык**: Стандарт 1. **“Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана мониторинг жүргүзүү**” «Сапаттуу Билим» Агенттигинин стандартына шайкеш келбейт.

**Стандарт 2. Окутуунун натыйжаларын кабыл алуу жана таануу**

**Стандарттын күчтүү жактары:**
-Кабыл алуу процессинин ачык-айкын жана онлайн болушу**.**

**Стандарттын алсыз жактары:**
-Академиялык мобилдүүлүктү ишке ашыруунун алсыздыгы.
-Кесипке багытоонун алсыздыгы
-
**Анализ жүргүзүү:**
-Окууга кабыл алуу *2020.edu.gov.kg сайтына* онлайн жүргүзүлөт жана ачык-айкындуулук камсыз кылынат. Абитуренттер менен эле катар алардын мыйзамдуу өкүлдөрү жана башка кызыкдар тараптар да маалымат менен камсыз болуп турушат.
-Социалдык жана гендердик өзгөчөлүктөрү карабастан окуучулардын бардык категориялары үчүн билим алууга шарттар түзүлгөн.
-Ар бир бүтүрүүчү электр жана газ менен ширетүүчү адистиги кесиби боюнча диплом менен катар жалпы орто билими тууралуу аттестатка тиешелүү экзамендерди тапшыргандан кийин ээ болушат.
-Алынган билимдерди практикалык бекемдөө шаардагы өндүрүштүк ишканаларда атайын түзүлгөн келишимдердин негизинде ишке ашырылат.
-Кесипке багыттоонун түрдүү формалары колдонулбайт. Классикалык мектептерди кыдыруу жана ачык эшиктер күнүн өткөрүү менен гана чектелген.
-Академиялык мобилдүүлүктү ишке ашыруу үчүн башка кесиптик окуу жайлары менен келишимдер түзүлгөнүнө карабастан иш жүзүнө толук ашырыла элек.

**Эскертүү:**
-Кесипке багыттоодо башка социалдык түйүндөр менен катар эле сайттын жана социалдык түйүндөрдүн да ишмердүүлүгүн жогорулатуу керек.

**Сунуш:**
-Академиялык мобилдүүлүктү ишке ашырууну онлайн форматта өнүктүрүү сунуш кылынат.
-Кесипке багыттоонун түрдүү формаларын колдонуу аркылуу абитуренттерди окуу жайга тартууну күчөтүү сунуш кылынат

**Жыйынтык**: Стандарт 2. "**Окутуунун натыйжаларын кабыл алуу жана таануу**" «Сапаттуу Билим» Агенттигинин стандартына шайкеш келет.

**Стандарт 3. Инсанга багытталган окутуу жана билим алуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин баалоо**

**Стандарттын күчтүү жактары:**
-Окутууну баалоо жана өзгөртүү үчүн туруктуу кайтарым байланыш жүргүзүлүп турат.
**Стандарттын алсыз жактары:**
-билим алуучулардын өзүн-өзү баалоосу, бирин-бири баалоосу сыяктуу баалоонун ар кандай формалары колдонулбайт.
**Анализ жүргүзүү:**
-Окуучулар менен анкеталар, пикир алмашуулар,социалдык түйүндөрдөгү комментарий аркылуу кайтарым байланыш туруктуу жургүзүлөт жана ага чаралар көрүлөт, алардын баалоосуна жараша бир катар педагогикалык методдор өзгөртүлгөн. Мисалы: Теориялык лекция сабактарын көрсөтмөлүү практикалык сабактарга алмаштыруу процесси акырындык менен ишке ашырууда, бул үчүн тиешелүү каражаттар алынган. Бирок

окуучунун эмгегин,өзгөчө өндүрүштүк окуудагы жетишкендиктерин бири-бирине баа коюу жана өзүн-өзү баалоо принциби иш жүзүндө көп колдонулбайт.
-Баалоонун так критерийлери бар, алар процессте тааныштырылып турат, бирок кызыкдар тараптар үчүн ачык-айкын көрсөтүлгөн эмес. Баалоону аппеляциялоонун так жобосу жок. Баалоодо жеңилдетүүчү жол-жоболор каралган эмес.
-Окуучуларды шыктандыруунун ар кандай методдорун ишке киргизишкени менен анын эффективдүүлүгүн арттыруу боюнча чечкиндүү чаралар көрүлгөн эмес.
-Окуучулардын ар кандай топторунун муктаждыктарына жараша траекториялык калыптанууларга мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн.
- Окуудан чыгарылгандардын себептерине анализ жүргүзүлөт, бирок алдын алуунун конкреттүү иш-чаралары аткарылбайт.
-Окуу жүктөмүнө, окутуунуун сапатына, кесибине канааттануусу тууралуу маалыматтар чогултулуп турат, бирок ага жетиштүү далилдер келтирилип, анализдин жыйынтыгы чыгарылбайт

**Эскертүү:**
-Билим берүү кызматтарын көрсөтүүнүн башка варианттарын пайдаланууда анын сапатына көңүл буруу кажет.

**Сунуш:**
-Билим алуучуларды баалоодо ар кандай формаларды анын ичинде өзүн-өзү баалоо сыяктуу көндүмдөрдү киргизүү сунуш кылынат.

**Жыйынтык**: Стандарт 3. “. **Инсанга багытталган окутуу жана билим алуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин баалоо**” «Сапаттуу Билим» Агенттигинин стандартына жарым жартылай шайкеш келет .

**Стандарт 4. Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал**

**Стандарттын күчтүү жактары:**
- Кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу боюнча жыл сайын уюштурулган курстар, аткарылган иштер жана алган сертификаттар билим берүү процесси үчүн сапаттуу адистердин болушун камсыз кылат.
- Инновациялык жана прогрессивдүү технологияларды колдонуу үчүн педагогикалык окуулар жана семинарлар өткөрүлөт, жаңы мугалимдерге насаатчылык көрсөтүлөт.
- Турак-жайга муктаж кызматкерлерди окуу жайдын балансындагы батирлер менен камсыздашат.

**Стандарттын алсыз жактары:**
- Педагогикалык кызматкерлердин арасында усулдук колдонмолорду, кесиптик окуу куралдардын иштеп чыгуучулардын жок болушу.
- Кызматкерлердин ишмердүүлүгүн стимулдаштырунун, баалоонун жол жоболору жок. Ар түрдүү деңгээлдеги Ардак грамоталарга, сыйлыктарга көрсөтүүлөр, профсоюз уюмунун финансылык сыйлыктары, колдоолору жана жолдомолоруна көргөзүшкөн эмес.
- Педагогикалык курам эч кандай профессионалдык биримдикке мүчө эмес.

**Анализ жүргүзүү:**
-Ишке ашырылып жаткан программа боюнча учурда 1 тайпада 1 устат өндүрүштүк окутуудан жана 12 мугалим теориялык предметтерден сабак беришет. Окуган дисциплинасына кесиптик окутуучулардын жана устаттардын негизги квалификацияцы дал келбейт, кошумча курстардын сертификаттары бар.
- ИПК квалификациясын жогорулатуу стратегиялык планга ылайык системалуу жүргүзүлөт. Бирок квалификацияны жогорулатуу жана кызматкерлердин ишмердүүлүгүн баалоо ачык-айкын жана ачык механизмдерге негизделген эмес. Ошол эле учурда, кадрлардын квалификациясын жогорулатуу жана ишмердүүлүгүн баалоо боюнча учурдагы процесстерди дагы тереңирээк изилдеп, жаңы заманбап форматтар жана онлайн курстарды колдонуу мүмкүнчүлүктөрүн караштыруу сунушталат.

-Окуу материалдарынын интерактивдүүлүгүн жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу үчүн кесип боюнча электрондук форматтарды жана мультимедиялык ресурстарды, теориялык, лабораториялык-практикалык сабактар, өндүрүштүк окуулар боюнча видеосабактар, презентациялык сабактарды даярдап өтүшөт.

- ИПКдын арасында атайын усулдук колдонмо, окуу куралын иштеп чыгуучулар жок. Аларга административдик колдоо да, талап да, мамиле да жок.

**Эскертүү:** ИПКга шыктандыруучу сыйлыктарды ыйгаруу үчүн окутуунун инновациялык методдорун жана прогрессивдүү технологияларды колдонуу менен окутуунун байланышын чыңдоого көңүл буруу керек.

**Сунуш:**

- Персоналдын ишмердүүлүгүн баалоо жана стимулдаштыруу үчүн объективдүү баалоо механизмдерин (мисалы, карьералык өсүү, кесиптик сертификаттар, грамоталар, каржылык жардам) киргизүү
- Педагогикалык кызматкерлердин арасында усулдук колдонмолорду, кесиптик окуу куралдардын иштеп чыгуусуна шарттарды түзүү, колдоо жана талап коюу.

**Жыйынтык**: Стандарт 4. "**Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал алуудагы жетишкендиктерин баалоо**" «Сапаттуу Билим» Агенттигинин стандартына жарым жартылай шайкеш келет

**Стандарт 5. Материалдык жана маалымат ресурстар**

**Стандарттын күчтүү жактары:**

-Окуу жай адистештирилген кабинеттер жана лабораториялар менен жабдылган.

- Теориялык билимдерди практика менен айкалыштыруу мүмкүнчүлүгү бар.
- Окуу жайдын базасы заман талабына жооп берет, анын ичинде жатаканалар, спорт зал жана аянтчалар, ашкана, актылар залы, китепкана бар.

**Стандарттын алсыз жактары:**

- Электрондук китепкана жана китепкананын жаңы адабияттар менен камсыз болбошу.

**Анализ жүргүзүү:**

- Окуу жайдын материалдык жана маалыматтык ресурстары негизинен камсыздалган, бирок толук оңдоп-түзөөдөн өтүшү, жатаканалардын толук иштеши жана кабинеттердин абалы жакшыртууну талап кылат. Теория жана практика арасындагы байланышты күчөтүү үчүн башка жабдууларды жана ресурстарды дагы киргизүү зарыл.
- Практикалык сабактар талаптарга ылайык жүргүзүлөт.

-санитардык-эпидемиологиялык жана өрт коопсуздугун алдын алуу боюнча атайын кызматтардын кароосунан өткөрүлгөн жана тиешелүү гигиеналык талаптарды сактоо жаатында иштер аткарылып турат. Бирок ар бир теориялык жана өндүрүштүк сабактын алдында эмгекти коргоо журналдары толтурулбайт.

- Маалыматтар КР Билим берүү жана илим министрлигине маалыматтык системасына (ИСУ) кирет.

-Коомчулук үчүн маалыматтар сайттарда жана социалдык түйүндөрдүн баракчаларында бар бирок анын жетиштүү деңгээлге жеткирүү талап кылынат.

**Эскертүү:**

-Лабораториялардын жана теориялык кабинеттердин жабдылышында инновациялык каражаттардын болушуна көңүл буруу зарыл.

- сайтты жана социалдык түйүндөрдүн баракчаларын активдештирүү.

**Сунуш:**

- Билим берүү программаларын электрондук китепканалар менен камсыщдоо.
- лабораториялардын, класстардын жана устакаларды оңдоп-түзөөдөн өткөрүү, заманбап көрсөтмө куралдар менен жабдуу.

**Жыйынтык:** Стандарт 5. " **Материалдык жана маалымат ресурстар**" «Сапаттуу Билим»

Агенттигинин стандартына шайкеш келет

ТИЙИШТҮҮ БАЛЛДАРДЫ КОЮҢУЗ

| П/П | Стандарттар | Толук шайкештик (3 балл) | Жарым-жартылай шайкештик (2 балл) | Шайкеш келбейт (1 балл) |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Стандарт 1. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана мониторинг жүргүзүү (6 критерий) | | 4 | 4 |
| 2 | Стандарт 2. Окутуунун натыйжаларын кабыл алуу жана таануу (5 критерий) | 9 | 4 | - |
| 3 | Стандарт 3. Инсанга багытталган окутуу жана билим алуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин баалоо (5 критерий) | 3 | 4 | 2 |
| 4 | Стандарт 4. . Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал (4 критерий) | 3 | 4 | 1 |
| 5 | Стандарт 5. Материалдык жана маалымат ресурстар (5 критерий) | 9 | 2 | 1 |
| Критерийлердин жалпы саны | | 25 | | |
| Бардыгы | | 24 | 18 | 8 |
| **Жалпы балл** | | **50** | | |

**Аккредитация боюнча кабыл алынуучу чечимдер**

ТЭКтин (тышкы эксперттик комиссиянын) жыйынтыгынын негизинде төмөнкү чечимдердин бири кабыл алынат:

| **№** | **Балл** | **Чечим** |
|---|---|---|
| **1** | **65-75** | 5 жылдык толук аккредитация |
| **2** | **46-64** | 3 жылдык шарттуу аккредитация |
| **3** | **35-45** | 1 жылдык шарттуу аккредитация |
| **4** | **34 жана андан төмөн** | Аккредитациядан баш тартуу |

## V. БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМУНУН ЖАНА ОКУУ ПРОГРАММАЛАРЫНЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН ӨНҮКТҮРҮҮ БОЮНЧА СУНУШТАР

1.Учурдагы пландарды ирээтке келтирүү жана аларды стратегиялык пландын этаптык бөлүмдөрүнө дал келтирүү.

2.Окуу процессинин сапатын дагы да жогорулатуу үчүн ата-энелер жана иш берүүчүлөр менен тыгыз кызматташтыкты күчөтүү.

3. Кесипке багыттоонун түрдүү формаларын колдонуу аркылуу абитуренттерди окуу жайга тартууну күчөтүү

4.Кызматкерлердин квалификация жогорулатуу курстарынын форматтарын заманбап талаптарга ылайыкташтыруу, онлайн жана гибриддик форматтагы курстарды көбөйтүү.

5.Материалдык-техникалык базанын толук иштешин жакшыртуу үчүн ремонт иштери жана калыбына келтирүү чаралары ишке ашырылышы керек.

6.Окуу жайдын маалыматтык ресурстарын үзгүлтүксүз жаңылоону камсыз кылуу.

7. Эл аралык жана ички долбоорлорду издөө, катышуу жана тартуу боюнча жигердүү иштер алынып баруу.

## VI. КОРУТУНДУ

Эксперттик комиссиянын программалык аккредитациянын тышкы баалоо жыйынтыгы боюнча:

"Электр жана газ менен ширетүүчү" билим берүү программасын ишке ашыруу «Сапаттуу Билим» стандарттарына шайкеш келет деп эсептейт;

1. Аккредитациялык Кеңешке "Электр жана газ менен ширетүүчү" билим берүү программасын билим берүү программасына **3 (үч) жылдык аккредитация берүү жөнүндө** чечим кабыл алууну сунуштайт.